КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ЖАРГЫЛЧАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА ЖАРГЫЛЧАК

**Жаргылчак айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I чакырылышынын 4-сессиясынын**

**№ 77 ТОКТОМУ**

**2025-жыл. 21-июль** **Даркан айылы**

**Мектепке чейинки билим берүү кызматтарын каржылоонун ваучердик механизмин ишке ашырууга макулдук берүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 18-ноябрындагы № 693 токтому менен бекитилген "Калктын социалдык аялуу катмарындагы аз камсыз болгон жана жакыр үй-бүлөлөрдөгү, ошондой эле Баткен облусунун чек арага жакын райондорунда, Кыргыз Республикасынын жетүүгө кыйын жана тоолуу, алыскы райондорунда жашаган балдар үчүн мектепке чейинки билим берүү кызматтарын каржылоонун ваучердик механизмин пилоттук апробациялоо жөнүндө" токтомунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу үй-бүлө, гендердик өнүктүрүү, социалдык коргоо жана балдардын укуктарын коргоо маселелери боюнча улуттук кеңештин жыйынынын 2025-жылдын 25-мартындагы №2 тапшырмасынын 2-пунктунун 2-пункчасына ылайык, Даркан айылындагы "Балалык" үй шартындагы бала бакчанын тарбияланулуучуларын ваучердик механизми менен каржылоо максатында Жаргылчак айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Даркан айылындагы "Балалык" үй шартындагы бала бакчанын тарбиялланууучуларын мектепке чейинки билим берүү кызматтарын каржылоонун ваучердик механизмине ылайык каржылоого макулдук берилсин.

2. "Балалык" үй шартындагы бала бакчанын тарбиялланууучуларын ваучердик каржылоо үчүн аныкталган 8 тарбияланууучунун ар бирине 3000 сомдон, бир жылга жалпысына 288 000 сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн бюджетинен төлөнүп берилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык тиешелүү иш алып баруу жагы Жаргылчак Жергиликтүү кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн бөлүм башчысы Г.Алышбаевага тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Жаргылчак айыл өкмөтүнүн башчысы Б.А.Ургазиевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **Т.К.Баякунов**

Акматов Н